2. Прощинская Е.Н. Выбирайте профессию: учебное пособие для старших классов. – Москва, 1996.

3. Проблемы занятости молодежи: региональный подход // Педагогика, 1999, № 1.

4. Пряжников Н.С. Профессиональное самоопределение: теория и практик. – Москва, 2008.

5. Пряжников Н.С., Пряжникова Е.Ю. Психология труда и человеческого достоинства. – Москва, 2001.

6. Чернявская А.П. Психологическое консультирование по профессиональной ориентации. – Москва, 2001.

7. Климов Е.А. Психология профессионального самоопределения. – Москва, 2010.

8. Цыренов Д.Д. Оценка качества профессионального образования с учетом критерия занятости. – Москва, 2011.

9. Соколова Л. Современные профессии: энциклопедия; с илл. В. Служаева. – Ростов-на-Дону: Издательский дом «Проф-Пресс», 2020, 96 с.

10. Варданян Г. Трудовое воспитание и профессиональная ориентация учащихся. Режим доступа: https://znanio.ru/media/trudovoe-vospitanie

УДК 37.013
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-18-25

**Асипова Н.А., Баялиева А.С., Курманбек кызы Мира**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Асипова Н.А.[1], Баялиева А.С.[2], Курманбек кызы Мира**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Asipova N.A., Bayalieva A.S., Kurmanbek kyzy Mira**
KNU J.Balasagyn

SPIN-код: 8368-2090, ORCID: 0000-0002-0671-603X[1]
SPIN-код: 7583-5275, ORCID: 0000-0002-1943-4277[2]

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИ АТКАРУУДАГЫ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК МАМИЛЕСИН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ
# ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ ТВОРЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ СТУДЕНТОВ ПРИ ВЫПОЛНЕНИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ
# PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL PROBLEMS OF FORMING CREATIVE RELATIONSHIPS AMONG STUDENTS WHEN PERFORMING INDEPENDENT WORK

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада студенттердин өз алдынча иштерди аткаруудагы чыгармачылык мамилесин калыптандыруунун психологиялык педагогикалык маселелери талдоого алынган. Изилдөөдө студенттердин чыгармачылык мамилесин калыптандырууга байланышкан көйгөй азыркы билим берүүнүн чордонунда деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Себеби, чыгармачылык мамиле – тажрыйбага жаңы нерсени алып келүү,

жаңы маселелерди чечүү же коюу контекстинде оригиналдуу идеяларды жаратуу, көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды таануу жөндөмүн камсыз кылган психикалык жана жеке сапаттардын жыйындысы катары түшүндүрүлөт. Адамдын чыгармачылык жөндөмдөрү ой жүгүртүүдө, сезимдерде, баарлашууда, ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүндө өзүн көрсөтүшү жана студенттин инсандык ишмердүүлүк продуктусунун бүтүндөй жана жеке жактарын түзүү процессин мүнөздөй алат.

**Аннотация:** В статье анализируются психолого-педагогические вопросы формирования творческих отношений студентов при выполнении самостоятельной работы. Исследование позволяет сделать вывод, что проблема формирования творческого отношения учащихся лежит в основе современного образования. Потому что творческий подход – это привнесение чего-то нового в опыт, генерация оригинальных идей в контексте решения или постановки новых задач, определяется как совокупность психических и личностных качеств, обеспечивающих способность распознавать проблемы и противоречия. Творческие способности человека могут проявляться в мышлении, чувствах, общении, отдельных видах деятельности и могут характеризовать процесс создания целого и отдельных сторон продукта личной деятельности студента.

**Abstract:** The article analyzes the psychological and pedagogical issues of the formation of creative relationships among students when performing independent work. The study allows us to conclude that the problem of forming the creative attitude of students lies at the heart of modern education. Because creativity is the introduction of something new into experience, the generation of original ideas in the context of solving or setting new problems, is defined as a set of mental and personal qualities that ensure the ability to recognize problems and contradictions. A person’s creative abilities can manifest themselves in thinking, feelings, communication, certain types of activities and can characterize the process of creating the whole and individual aspects of the product of a student’s personal activity.

**Негизги сөздөр:** өз алдынча иш; чыгармачыл мамиле; мотив; муктаждык; ишмердүүлүк; индивидуалдык өзгөчөлүктөр; кесиптик ишмердүүлүк; окуу иш аракеттери; системалаштыруу; шарттар.

**Ключевые слова:** самостоятельная работа; творческий подход; мотив; потребность; деятельность; личностные особенности; профессиональная деятельность; учебная деятельность; систематизация; условия.

**Keywords:** independent work; creative approach; motive; need; activity; personal characteristics; professional activity; educational activity; systematization; conditions.

Бүгүнкү күндө билим, илимдин ыкчам өнүгүшүнүн, маалыматтардын тез таркалышынын шартында, ЖОЖдун негизги милдети болуп өзүн-өзү өнүктүрүүгө, баалоого, дүйнө таанымын кеңейтүүгө, инновациялык ишмердүүлүккө, кызматташууга жөндөмдүү адистерди даярдоо болуп эсептелет. Коомдук өнүгүүнүн мүнөзү, мазмунунун өзгөрүшү адистерге жана аларды даярдаган ЖОЖдорго жаңы талаптарды коюп келет.

Жогорку окуу жайларында адистерди даярдоо процесси студенттердин алдына эки негизги милдетти коет:

- биринчиден өзүнүн адистиги боюнча заманбап илимий жана практикалык билимдердин жана көндүмдөрдүн суммасына ээ болуусун;

- экинчиден болочок кесипкой адис катары өз алдынча ой жүгүртүп илимий жана кесиптик милдеттерди чыгармачылык менен иштеп чыгуу жана чече билүүсүн камсыз кылуу.

Ошол себептен, жогорку окуу жайларында кеңири маалыматты өздөштүрүү менен байланышкан адистерди даярдоодо, студенттердин өз алдынча иши окутуунун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуунун башкы резерви катары өркүндөтүү зарылдыгы жаратат.

Студенттин өз алдынча билим алууга умтулуусун жана анын чыгармачылык мамилесин канчалык деңгээлде зарыл экендигин илимпоз педагог-психологдор Л.П. Алексеева, Э.Ф. Зеер, Е.Я. Голант, Е.П. Есипов, П.И. Пидкасистый, Г.И. Щукина ж.б. эмгектеринде кеңири талкууланган [4; 9; 6; 8; 16; 17].

Аталган проблеманы изилдөөдө кыргызстандык окумуштуулар да өз салымдарын кошуп келишет. Маселен, окуутуу процессинде өз алдынчалык жана чыгармачылык активдүүлүк теориясынын өнүгүүсүнө А.А. Алимбеков, М.К. Асаналиев, Н.А. Асипова, И.Б. Бекбоев, А.А. Исабеков, Э.М. Мамбетакунов, А.К. Наркозиев ж.б. сыяктуу көрүнүктүү педагогдор чоң салым кошушкан [1; 2; 3; 5; 10; 11; 13]. Бул изилдөөлөрдө студенттерндин өз алдынчалыгын жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн бирден бир эффективдүү жолу катары өз алдынча иштөөгө үйрөтүү керектигин көрсөтүшөт.

КР ББИМинин 2009-жылдын 6-августунда бекиткен ESTS тууралуу Жобосуна, Кыргыз Республикасынын билим берүүчү мекемелеринин ишмердүүлүгүн тескөөчү жогорку жана орто атайын кесиптик билим берүүнүн нормативдик-укуктук актыларына, 2012-жылдын 29-майында №346 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекиген Жобого ылайык КР кесиптик билим берүү стандарттарында ар бир окутулган предметтин 50 пайызы студенттердин өз алдынча иш түрүнө пландаштырылган (2021). Студенттердин өз алдынча иштөөсү билим берүүнүн негизги компоненти. Студенттин таанып билүү жөндөмдүүлүгүн, активдүүлүгүн өнүктүрүү, чыгармачылык демилге, көз карандысыздык, жоопкерчилик жана уюшкандык, профессионалдык ишмердүүлүктүн чөйрөсүндөгү компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну, реалдуулукту ийгиликтүү чечүүнү аныктаган процесс.

Студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү азыркы учурда эң актуалдуу маселелердин бири болуп калды. Жаңы социалдык-экономикалык шарттарга өтүү ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн даярдоо деңгээлине коюлган талаптарды өзгөртүүдө. Алардын көйгөйлүү кырдаалдардан өз алдынча чыгууга, алган билимдерин жаңы маселелерди чечүү үчүн колдонууга жөндөмдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүргөн жигердүү инсанды өнүктүрүү маселеси алдыга чыкты.

**Чыгармачылык жөндөмдөр** – бул тажрыйбага жаңы нерсени алып келүү, жаңы маселелерди чечүү же коюу контекстинде оригиналдуу идеяларды жаратуу, көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды таануу жөндөмүн камсыз кылган психикалык жана жеке сапаттардын жыйындысы катары түшүнүлөт. Адамдын чыгармачылык жөндөмдөрү ой жүгүртүүдө, сезимдерде, баарлашууда, ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүндө өзүн көрсөтүшү жана студенттин инсандык ишмердүүлүк продуктусунун бүтүндөй жана жеке жактарын түзүү процессин мүнөздөй алат.

Студенттердин өз алдынча иштерди аткарууда чыгармачылык мамилесин калыптандырууну илимий талдоо, баарыдан мурда адистерди кесипкөйлүккө тарбиялоонун жогорку талаптары менен шартталган.

ЖОЖдук кесиптик билим берүүдө студенттердин чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштуруунун проблемаларын чечүү – социалдык талапка (заказ) байланыштуу болот. Анткени, азыркы заманда таанып-билүүчүлүк иш-аракетиндеги чыгармачылык жөндөмү активдүү адам гана коомдук жана маданий турмуштун баардык чөйрөсүнө аткаруучу эмес, жаратуучу катары эмгектенүүнү талап кылат.

Психолог Т.И. Ильиндин атайын изилдөөлөрү көрсөткөндөй, ЖОЖдук билим берүүнү системалуу уюштурууда инсандын чыгармачылык активдүүлүгүнүн ички булагы болуп анын муктаждыгы, баарынан мурда иш-аракетке болгон муктаждыгы эсептелерин белгилейт. Мотивдештирилген иш-аракет оң эмоция жана сезимдерди жараткандыктан окуу ишмердүүлүгүндө студенттин жогорку маанилүү мотивдердин болушун камсыздайт. Мисалы, ЖОЖдогу студенттердин билим алуу мотиви, алардын максатына максималдуу жакындашуусу менен мүнөздөлөт. Ал эми окуу – студенттин ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн педагогикалык шарты болуп эсептелет. Мотив объективдүү реалдуулуктун өзгөрүшүнө өбөлгө түзгөн ишмердүүлүк чөйрөсүндө өнүгөт.

«Мотив» термини көбүнчө максат жана муктаждыктын синоними катары колдонулат, бирок мындай синонимдөө туура эмес. Муктаждык – бул адамдын кандайдыр бир ыңгайсыздыкты жоюуга болгон каалоосу, ал эми максат – мотивдин талаптарын канааттандырууга багытталган процесс. Мисалы, билим алуу – муктаждык, аны канааттандырууга умтулуу – максат, ал эми студенттин белгилүү кесипке ээ болушу – мотив болуп саналат.

Мотив психологиядагы негизги терминдердин бири: атап айтканда, советтик психологдор А.Н. Леонтьев жана С.Л. Рубинштейн ж.б. бул концепцияны активдүүлүктүн психологиялык теориясын иштеп чыгууда колдонгон. Бул концепция боюнча мотив объективдүү муктаждык деп түшүнүлөт. Мотив объективдүү реалдуулуктун өзгөрүшүнө өбөлгө түзгөн ишмердүүлүк чөйрөсүнүн кеңейиши болгондо өнүгөт. Коомдо объективдүү баалуулуктарды жана идеалдарды өнүктүрүү бул коомдун айрым өкүлдөрүнүн мотивдерин өзгөртүүгө алып келет.

Инсандын мотивациясын өнүктүрүү менен бул ишмердүүлүктүн жалпы багыттуулугун, ага кошуп аны менен алектенген студенттин таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн да күчөтүүгө мүмкүн.

Социалдык-психологиялык активдүүлүктү ар кандай эле мотивдер чакырышы мүмкүн, бирок социалдык мамилелер менен шартталган, ал активдүүлүк жогорку окуу жайдын окутуучусу тарабынан өз ара аракеттенүүнүн субьектилеринин биргелешкен аракетин талап кылат.

Студенттердин чыгармачыл өз алдынча иштөөсүн уюштуруу системасында окуп жаткандардын көңүл буруусуга, түшүнүүгө, көңүл көтөрүү, сезимине ортоктош болууга карата муктаждыгын эсепке алуусу зарыл. Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, калыптанып калган социалдык психологиялык климат коллектив мүчөлөрүнүн таанып – билүүчүлүк активдүүлүгүн мобилизациялайт же өчүрөт. Окутуунун ийгиликтүүлүгү процессуалдык жана натыйжалуу мотивациянын болушу менен аныкталарын көптөгөн изилдөөчүлөр белгилешет. Процессуалдык мотивация окутуу ишмердүүлүгүндө пайда болот жана окуу материалдарынын мазмунун жөнгө салып турат. Кызыктуу тандалган окуу материалы мотивацияны жогорулатып, бул өз кезинде студенттердин аны үйрөнүүнүн практикалык маанилүүлүгүн түшүнүүсүнө б.а. аларда натыйжалуу мотивациянын калыптануусуна алып келет. ЖОЖдогу окуу мотивациясына

арналган эмгектерден Л.Ф. Матронинанын анализинин негизинде мотивдердин төмөнкүдөй топторун бөлүп көрсөтүүгө болот:

- профессионалдуу – окутуунун түпкү натыйжасына карата мамилени билдирет;
- окуу-таанып-билүүчүлүк жана окуу процессинин өзүнө карата мамилени билдирет;
- социалдык барктуулук мотивациясы инсандын социалдык бааланууга карата муктаждыгын билдирет;
- начар баа алып калуудан качуу менен байланышкан кыска максатты көздөөнү билдирет [12].

Демек студенттин окууга болгон оң мотивдердин калыптануусун камсыз кылуу педагогикалык маанилүү маселе болуп, ал эми окуу ишмердүүлүгүнүн мотиви студентин үйрөнүү жөндөмүнө ээ болууга умтулуу катарында кабылданганда гана ишке ашат. Бирок, ЖОЖдордо окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна оң же терс таасирин берүүчү кырдаалдарга көп туш болушат. Үйрөнүү үчүн жаңы маалыматка умтулуу, коммуникативдүү кырдаалдарда жаралуучу сезимдер, пикир алышууга кызыктырган эмоция сыяктуу, эмоционалдык абал сыяктуу спецификалык деп эсептелген көрүнүш мында ар дайым эле боло бербейт. Көптөгөн изилдөөлөрдө үйрөнүүдөгү жагымдуу шарт деп, дал ушундай кооптонуудан эркин болгон абал баса белгиленет.

Психологиялык-педагогикалык илим жогорку окуу жайларында окутуунун мотивациясынын проблемасы боюнча кеңири маалыматка ээ. Окутуунун мотивациялары көбүнчө ар түрдүү түрткү берүүлөрдүн системасы (керектөө, муктаждык жана мотивдерден тартып максат жана стимулдарга чейин) катары каралат. Практика жүзүндө биз студенттер умтулбаган, өздөштүрүүнү каалабаган учурларды көп эле жолуктурабыз. Ушуга байланыштуу, билим берүү процессинде студенттердин чыгармачылык мамилесин калыптандырууну атайын бир педагогикалык проблема катары анализдөө маанилүү болуп эсептелет. ЖОЖдо окутууда чыгармачыл мамилени практика жүзүндө колдонуу көптөгөн себептерге, эң оболу окуп жаткан топтордун бир түрдүү эместиги, инсандардын жекече айырмачылыктарына байланыштуу, өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда.

Чыгармачыл мамиле жогорку мектепте коомдук өнүгүүнүн обьективдүү процесстери, анын бардык социалдык топторунун ички өнүгүүсү менен детерминацияланат жана бүткүл коомдук мамилелердин андан аркы өнүгүүсүнүн эң зарыл шарты болуп саналат. Азыркы заман контекстинде бардыгын бирдей окутуу мүмкүн эмес, андыктан инсандык-жекече окутуунун ЖОЖдук формасын да көңүлгө албай коюуга мүмкүн эмес.

Студенттердин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн маанилүү жолу катары Л.З. Стуколова окуу тапшырмаларын, алардын окуучунун билим денгээлине таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүгүнө жараша тандоону сунуштайт. Буга байланыштуу ал минтип белгилейт: «чыгармачылыктын маңызы ар бир студенттин жекече өзгөчөлүгүн (даярдык, өнүгүү денгээли, ой жүгүртүү өзгөчөлүгү, предметке кызыкчылыгы ж.б.) билүү менен сабакта ага максатка ылайыктуу жана натыйжалуу мүнөздөгү ишти аныктап берүүдө турат. Студенттерге берилчү тапшырмалар көлөмү боюнча эмес, талаптын мүнөзү жана денгээли боюнча айырмаланышы керек» – дейт [14].

Биздин көз карашыбыз боюнча окутуу процесси: ар бир студенттин чыгармачылык жигерин өнүктүрүү, анын кызыкчылык ой – өрүшүн кеңейтүү, айрым студенттердин өзгөчөлүүгүнө карата, аларга окуу материалын терең жана толук окуу мүмкүнчүлүгүн берүү, билимдин айрым алынган чөйрөлөрү боюнча кызыгууну арттырууда жатат.

Студенттердин окуудагы ой жүгүртүүсүн жана жекече таанып-билүүсүн анализдөө маалыматтары, ой жүгүртүү жана билимдин таанып-билүү процессинин курамдык компонеттер катары өз ара байланышын жана биримдигин аныктап билүү, «өз алдынча иштөө» түшүнүгүн обьективдүү чындыкты чагылдыруу жана кайра түзүү процесси катары кароого негиз берет.

Бир жагынан ал окуу тапшырмасы, башкача айтканда студент аткарууга милдеттүү болгон нерсе, бул анын чыгармачылык обьектиси. Студентке ал окутуучу тарабынан аныкталган же программалаштырылган ыкма менен сунушталат. Экинчи жагынан, өз алдынча иштөө-бул студент тарабынан тиешелүү окуу тапшырмасын аткаруу боюнча иш аракеттин белгилүү бир ыкмасын көрсөтүү формасы болуп, ал акыр түбү аны мурда белгисиз, таптакыр жаңы билимди алууга, же мурда алынган билимди тереңдетүүгө жана иреттөөгө алып келет.

Студенттердин изилдөө зонасын таап жана аны практика жүзүндө аракетке келтирүү менен ыкмаларын конкреттештирүүгө болгон муктаждыгын ойготуу менен, аткарыла турган тапшырмага болгон кызыгууну стимулдаштырып, бара-бара студенттин аң-сезиминде белгисиз нерселерди таанып билүүгө умтулууну, жаңылык жаратууга түрткү болот. Бул чагылуу кийин конкреттүү таанып-билүү ишмердүүлүгүндө ишке ашырылат. Мындагы таанып билүүгө болгон муктаждык ошол студенттин ички ойгонуусунан улам пайда болдубу же жогорку жактан стимулдаштырылдыбы, баары бир анын чыгармачылык максаты менен ар дайым байланышта болот.

Өз алдынча ишти аткаруу учурунда үйрөнүп жаткандар үчүн мурда өздөштүргөн билим менен жаңы тапшырманы аткаруу ортосундагы байланыш же колдо бар билим менен зарыл болуп турган билим жана чыгармачылыктын жаңы ыкмаларынын ортосундагы тең салмактуулуктун сакталышы зарыл. Бул тең салмактуулукту калыбына келтирүү аракети үйрөнүүчүлөр үчүн зарылдык болуп калат да, анын аң-сезиминде таанып билүүчүлүк муктаждык катары чагылып, ушунун өзү эле аракетке стимул болуп кызмат кылат.

Мына ошентип, тапшырма тышкы себеп болуу менен, ички түрткүгө өз алдынча аракеттенүүнүн жөндөмүнө ээ болуу мотивине айланат. Демек, ал өз алдынча иштөөнүн мазмунун структуризациялоо процессинде, айрыкча алардын типтерин жана түрлөрүн иштеп чыгууда окуу материалынын логикалык жана психологиялык каражаты катары чыгат. Бул учурда тапшырма ар кандай эле өз алдынча иштин өзөгү катары, бир жагынан өз алдынча таанып-билүү иш-аракетинин баштапкы түрткүсү катары чыкса, экинчи жагынан аудиториялык же аудиториядан тышкаркы сабактардын дидактикалык максаттарына ылайык, студенттин окуу ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир структурасын активдештирет.

Белгилеп кетели, ар кандай эле чыгармачылык ишмердүүлүгү өзүнө айрым учурларда, маалымат менен жаңы изделип жаткан маалымат-билимдин ортосундагы карама-каршылыкты камтыйт. Таанып билүүчүлүк тапшырмасын чечүүнүн жүрүшү, белгилүүдөн белгисиздикке өтүү менен коштолот жана ал логикалык жактан акыл корутундусунун ортоңку звеносу аркылуу ишке ашырылат. Дал мына ушул жерде зиректик, тапандык, чечендик акылдын жана башка сапаттарынын бар же жок экендиги, башкача айтканда, ЖОЖдогу окуу процессиндеги монотондуулукту, зериктирмелүүлүктөн кутулуунун маанилүү шарты болуп эсептелет.

Жыйынтыгында, ЖОЖдун окуу процессине кошулган инсандын максималдуу, активдүү болууга тийиш, себеби окуу - бул окуу субьектисин өз алдынча башкарган ишмердүүлүк. Ал эми таанып билүүчүлүк активдүүлүгү ошол ишмердүүлүктүн бир касиети

болгондуктан, ЖОЖдогу окуу ишмердүүлүгүн активтештирүү деген сөз баарыдан мурда чыгармачылыкты педагогикалык башкаруу, башкача айтканда мотивация «чакырык» жана активдүүлүктү оптималдуу денгээлге жеткирүү дегенди билдирет. Мында албетте, Н.Ф.Талызинанын [15] белгилөөсү боюнча: «Чыгармачылык (иш-аракетке умтулуу жана даярдык абалы) активдүүлүк менен реалдуу, башкача айтканда ишке ашырылган даярдык жана умтулууну айырмалай билүү керек».

Демек, бүгүнкү күндөгү жогорку окуу жайынын окутуучусунун милдети реалдуу активдүү инсандарды жекече-чыгармачылыгын калыптандыруу үчүн зарыл шарттарды түзүүдө турат. Мында ЖОЖдо окутууну уюштурууда студенттин өз алдынча таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн андан ары өнүктүрүү максатында иштеп чыккан таршырмалардын мазмунуна байланыштуу десек болот. Ал эми чыгармачыл таанып билүүчүлүк деңгээлдеги студент окуу тапшырмаларын чыгармачыл таанып билүүчүлүк деңгээлде чече билген жана өзүнүн ишмердүүлүгүн окутуучунун көзөмөлүсүз өз алдынча уюштура алган студенттер десек болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Алимбеков А.А. Жогорку билим берүүнү реформалоо шартында студенттердин өз алдынча иштөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн актуалдуу проблемалары // Вестник Иссык-Кульского государственного университета им. К. Тыныстанова. – Каракол, 2014, №38.
2. Асаналиев М.К. Педагогическая диагностика уровней сформированности самостоятельной познавательной деятельности студентов // Открытое образование, 2005, №1, с.13-17.
3. Асипова Н.А. Научно-методическое обеспечение перехода к многоуровневому высшему образованию в условиях глоболизации мира: Сборник избранных статей. – Бишкек, КТУ Манас, 2016, 292 с.
4. Алексеева Л.П. Обеспечение самостоятельной работы студентов // Специалист, 2005, № 6, с.26.
5. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек: Бийиктик, 2011, 340-б.
6. Голант Е.Я. О развитии самостоятельности и творческой активности учащихся в процессе обучения. – Казань, 1969.
7. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению «Педагогическое образование»– бакалавриат и магистратура. – Бишкек, 2021, 30 с.
8. Есипов Б.П. Самостоятельная работа учащихся на уроке. – Москва: Просвещение, 2000, 239 с.
9. Зеер Э.Ф. Психология личностно ориентированного профессионального образования. – Екатеринбург: Изд-во Урал. гос. проф.- пед. ун-та, 2000, 258 с.
10. Самостоятельная работа: методическая разработка для преподавателей специальных дисциплин университета и техникумов / А.А. Исабеков, Э.А. Болотов, К.Б. Биймырзаев. – Бишкек, 2005.
11. Мамбетакунов Э. Организация самостоятельной работы студентов. – Бишкек, 2012, 26 с.
12. Матронина Л.Ф. Организация самостоятельной работы студентов. – Москва: МИРЭА, 1993.

13. Наркозиев, А.К. Организация самостоятельной работы студентов в условиях кредитной технологии обучения // Высшее образование КР. – Бишкек, 2009, № 2/4, с. 32-34.

14. Стуколова Л.З. Развитие проблемы познавательной самостоятельности в отечественной и зарубежной педагогике. – Казань, 1993, 175 с.

15. Талызина Н.Ф. Управление процессом усвоения знаний. – Москва: Изд-во МГУ, 1984, 343 с.

16. Пидкасистый П.И. Самостоятельная деятельность учащихся. Дидактический анализ процесса и структуры воспроизведения творчества. – Москва: Педагогика, 1972, 184 с.

17. Щукина Г.И. Активизация самостоятельной деятельности учащихся в учебном процессе. – Москва: Просвещение, 1979, 160 с.

УДК 316.334:37
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-25-31

**Беделбаева А.З.**
Ж. Баласагына атындагы КУУ
**Беделбаева А.З.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Bedelbaeva A.Z.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 5247-9143, ORCID: 0009-0009-7041-9644

# БОЛОН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ БОЛОНСКОЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ
# FEATURES OF THE BOLOGNA EDUCATION SYSTEM

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргызстандын ЖОЖдорунда толук кандуу Болон процесси менен кандай көйгөйлөр бар жана биз бул системага канчалык даяр экенибиз каралды. Болон системасы теориялык методологиялык база, европалык жогорку билим берүүнүн өнүгүү концепциясы, анын милдеттери жана принциптери, жогорку билим берүү чөйрөсүндө жана университеттердин эл аралык кызматташтык принцибинде Болон процессинин катышуучулары тарабынан жүргүзүлгөн масштабдуу реформа. Болон системасы Европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү тутумунун интеграциясын жалпы структуралык жана уюштуруучулук принциптерге жана университеттердин эл аралык кызматташтыгын бекемдөөгө негиздейт. Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү жана ар бир мамлекеттин салттуу билимин сактоо болжолдонууда.

**Аннотация**: В статье рассмотрено, какие проблемы есть у вузов Кыргызстана с полноценным Болонским процессом и насколько мы готовы к этой системе. Болонская система представляет собой теоретическую методологическую базу, концепцию развития европейского высшего образования, его задач и принципов, масштабную реформу, проводимую государствами участниками Болонского процесса в сфере высшего образования и на принципе международного сотрудничества университетов. Болонская система